Токтом №1

Болот Бейшеналиев атындыгы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин чогулушу

13.09.2021-ж. Калмак-Ашуу айылы

Катышкандар: 5 мугалим
Келбегендер - -

Каралуучу маселелер:

1. 2020-2021-окуу жылына анализ
2. 2021-2022-окуу жылына УБнин иш-планын кабыл алуу
3.Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык мугалимдердин жумалык жүктөмдөрүн бөлүштүрүү, календардык пландарды бекитүү.

Чогулуштун жүрүшү:

Угулду:

УБ нин жетекчиси Абсалбек кызы Алина – Саламатсыздарбы, барыныздарды окуу жылынын башталышы менен куттуктайм. 1- маселе боюнча былтыркы 2020-2021-окуу жылында аткарылган иштер боюнча айтсак, анда бардык пландаган иштер аткарылды.(маалымдама тиркелет)

2- маселе боюнча УБ нин жетекчиси Абсалбек кызы Алина - 2021-2022-окуу жылынын иш-планын карап чыгып, бекитүүгө талкуу жүргүзүү тууралуу айтты. Предметтик мугалимдер өз ойлорун ортого салып, план бекитилип, сунушталды. ( маалымдама тиркелет).

3-маселе боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык мугалимдердин жумалык жүктөмдөрү бөлүштүрүлдү, календардык пландарды бекитилди..

23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнүн өткөрүүгө иш-план түзүп, бекитүү тууралуу эскертти.

Чечим кабыл алынды:

1.2020-2021- окуу жылындагы иш-чаралар «канааттандырарлык» деп табылсын.
2.2021-2022-окуу жылына карата иштелип чыккан өндүрүштүк пландын негизинде иш алып барылсын.
3. Мугалимдер билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык бөлүштүрүлгөн жумалык жүктөмдөрү, календардык пландары боюнча иш алып барууга милдеттендирилсин..

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина

Токтом №2

Болот Бейшеналиев атындыгы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин чогулушу

11.11.2021-ж. Калмак-Ашуу айылы

Катышкандар: 5 мугалим
Келбегендер - -

Каралуучу маселелер:

1. «23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнү» иш-чарасынын өтүлүшү
2. Олимпиада тууралуу талкуулоо

Чогулуштун жүрүшү:

Угулду:

УБ нин жетекчиси Абсалбек кызы Алина – Саламатсыздарбы, сиздер менен бүгүн 2-отурумда жолугушуп отурабыз.

1- маселе боюнча «23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнүнүн» иш-чарасы өтүлдү. Окуучулар берилген тапшырмаларды өз убагында аткарышып, балдар активдүү катышып,уюшкандыкта иш алып барышты. (маалымдама тиркелет).

Мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата (1 айлык), «Мамлекеттик тилдин келечеги жаштарда» аттуу дил баян жаздыруу 8-11 класстар арасында өтүлдү. Сынактын жүрүшү тууралуу мугалимдер өз ойлорун айтышты. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Ж.С.Канкулуева «Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун» деген темада 5- класска ачык тарбия саат өттү.

2- маселе боюнча УБ жетекчиси Абсалбек кызы Алина:

– Олимпиаданын 1-туру 17-18-ноябрга чейин өткөрсөк. Андыктан бардык предметтик мугалимдер тапшырмаларды түзүп, бекитсеңиздер.

Чечим кабыл алынды:

1. 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнүн өтүлүшү «канааттандырарлык» деп табылсын.
2. Олимпиаданын 1-туруна тапшырмалар тез арада бүткөрүлүп, тапшырылсын.

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина.

Токтом №3

Болот Бейшеналиев атындыгы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин чогулушу
10.01.2022-ж. Калмак-Ашуу айылы

Катышкандар: 5 мугалим
Келбегендер - -

Каралуучу маселелер:

1. 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил кунун өткөрүү
2. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш-чаранын анализи
3. Ар кандай маселелер.

Чогулуштун жүрүшү:

Угулду:

1-маселе боюнча УБ нин жетекчиси Абсалбек кызы Алина сүйлөдү:

– Саламатсыздарбы, 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил кунунө карата даярдык көрөлү.

Орус тили жана адабияты мугалими Джапарова Дж.сүйлөдү: Окуучулар ар түрдүү улуттардын ыр-бийлерин аткарышсын. Даярданууга тапшырмаларды алдын-ала берели.

2-маселе боюнча УБ жетекчиси Абсалбек кызы Алина: Ч.Айтматовдун туулган карата иш-чаранын планы боюнча жазуучунун чыгармаларынан үзүндүлөр чагылдырылды.

Көркөм окуу сынагына да окуучулар активдүү катышышты.

3-маселе боюнча :

Күнүмдүк өтүлүп жаткан иштер жөнүндө аңгемелешүү болду

Чечим кабыл алынды:

1. 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү жакшы өткөрүү предметтик мугалимдерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин..
2. Ч.Айтматовдун 90 жылдыгынын декадасынын өтүлүшү «канааттандырарлык» деп табылсын.

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина

Токтом №4

Болот Бейшеналиев атындыгы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин чогулушу

04.04.2022-ж. Калмак-Ашуу айылы

Катышкандар: 5 мугалим
Келбегендер - -

Каралуучу маселелер:

1. 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил кунунө анализдөө
2. Орус тил жана англис тили декадаларынын анализи

Чогулуштун жүрүшү:

Угулду: УБ нин жетекчиси Абсалбек кызы Алина

– Саламатсыздарбы, 1- маселе боюнча 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүн белгиледик. Окуучулар бөлүнүп берилген тапшырмаларды ар улуттун тилинде кыргыз,орус, англис, корей, түрк, япон тилдеринде ыр-бийлерди аткарышты. 3-класстын окуучулары корей бийи менен биринчиликти алышты. (маалымдама тиркелет)

3-маселе боюнча УБ жетекчиси Абсалбек к.Алина :

Орус тилинин декадасы эң жакшы дэңгээлде өтүлдү. Викторина, КВН сынактары, тамсилден театрлаштырылган үзүндү жана аягында «Зима-зимушка» чакан концерттери менен жыйынтыкталды.

Англис тили мугалими Абсалбек кызы Алина түзүлгөн планынын негизинде декаданы алып барды. Кроссворд,викторина жана башка тапшырмаларды окуучулар убагында аткарып, белектер тапшырылды.

3-маселе боюнча Канкулуева Ж.сүйлөдү: Орус тили жана адабияты мугалимдери Н.Тулебердиева 5-класска, 10-класска , Ж.Жапарова 8- класска көрсөтмөлүү ачык сабактарды өтүштү. Сабактар кызыктуу, көргөзмөлүү болду. Кыгыз тили жана адабияты мугалими Ж.С.Канкулуева 10-класска, англис тили мугалими Абсалбек кызы Алина 4-класска ачык сабактарды өтүштү. Өтүлгөн сабактарга анализдер берилип, маалымдамалар жазылды..

Чечим кабыл алынды:

1. 21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил кунун өтүлүшү «канааттандырарлык» деп табылсын.
2. Орус тили жана англис тилинин декадаларынын өтүлүшү «канааттандырарлык» деп табылсын!

3. Ачык сабактарды өз убагында план боюнча өтүп туруу ар бир предметник мугалимге милдеттендирилсин.

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина

Токтом №5

Тил усулдук бирикмесинин чогулушу
23.05.2022-ж. Калмак-Ашуу айылы

Болот Бейшеналиев атындыгы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин 4- чейрек боюнча иш-чаранын чогулушу

Катышкандар: 5 мугалим
Келбегендер - -

Каралуучу маселелер:


1. Мамлекеттик экзамендерге карата жазуу иштеринин аткарылышын карап чыгуу
2. Жыл бою иштелген иштин жыйынтыгы.Жылдык мониторинг түзүү.
3. Кийинки окуу жылына милдеттерди кабыл алуу

Чогулуштун жүрүшү:

Угулду:

1-маселе боюнча УБ нин жетекчиси Абсалбек к.Алина – Саламатсыздарбы, сиздер менен көрүшкөнүмө кубанычтамын. Мамлекеттик экзамендерге карата көнүктүрүүчү жат жазуу иштери алынгандыгы тууралуу айтты. (маалымдама тиркелет)

2-маселе боюнча УБ жетекчиси Абсалбек к.Алина: 2021-2022-окуу жылына түзүлгөн пландын негизинде бардык иштер өз убагында так жана даана аткарылды.
Жыл жыйынтыгы боюнча мониторинг түзүлдү:




3-маселе боюнча УБ жетекчиси Абсалбек к.Алина -2022-2023-окуу жылында тил УБ тарабынан аткарылуучу милдеттерди кабыл алабыз.

Чечим кабыл алынды:

1.Мамлекеттик аттестациялоого бардык предметник мугалимдер активдүү катышууга милдеттендирилсин.

2. 2021-2022-окуу жылында план боюнча коюлган иш-чаралардын өтүлүшү,жыйынтыгы «канааттандырарлык» деп табылсын!

3. 2022-2023-окуу жылында аткарылуучу милдеттер кабыл алынсын!

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина